**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы алдындагы тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешинин**

**ПРОТОКОЛУ № 17**

**Бишкек ш.** **2-февраль 2024-ж.**

*Төрага:* Осмонов Ө. Ж. – т.и.д., профессор
*Окумуштуу катчы:* Карыева А. К. – т.и.д., доцент

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) – т.и.д. (07.00.02).
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.09).
4. Абытов Байболот Капарович – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
5. Арзыматова Айнура Атыгаевна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
6. Болпонова Асыл Бактыбековна – т.и.д. (07.00.02).
7. Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич – т.и.д. (07.00.02).
8. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович – т.и.д. (07.00.09).
9. Омурова Жаймыкат Орозобековна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
10. Ормушев Асан Сулайманович – т.и.д. (07.00.02).
11. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д. (07.00.02).

**Күн тартиби:**

2. Арзыматова Анаркүл Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991-2005-жж)" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу. Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы. *Илимий жетекчиси:* т.и.д. Омурзакова Т.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча суроонуздар барбы? Добуш бериңиздер:

«Макул» - 11, бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышуу үчүн окумуштуу катчы т.и.д. Карыева Анара Карыевнага берилет

**Окумуштуу катчы:** изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** окумуштуу катчыга суроонуздар барбы? Жок. Анда сөз изденүүчү Арзыматова Анаркуль Жумадиловнага берилет.

**Изденүүчү:** XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башы адамзаттын тарыхында өзгөчө из калтырган тарыхый окуялар менен коштолгон. Идеологиялык карама-каршылыкта жашаган биполярдуу коом, эки социалдык-экономикалык система

(капитализм жана социализм) доору аяктап, мурдагы социалисттик лагердеги Борбордук Азия өнүгүүнүн жаңы фазасына өтүп, дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке кошулган. СССРдин курамындагы 15 союздук республика советтик экономикалык системадан, базар экономикасына өтүү менен эле чектелбестен, Борбордук бийликтен баш тартып, Эгемен мамлекет катары көз карандысыздыктарын жарыялашкан. Радикалдык өзгөрүүлөргө учураган СССРдин курамындагы республикалар, алардын ичинде Кыргыз Республикасы да татаал экономикалык, саясий проблемаларга дуушар болушу мыйзамдуу көрүнүш болгон.

Кыргызстан 1991-ж. 31-августта көз карандысыздыгын жарыялап, өлкөнүн өнүгүү тарыхындагы жаңы доорго кадам таштаган. Эгемендиктин алгачкы жылдарынан баштап эле көз карандысыз мамлекеттин пайдубалы түптөлүп, кыргыз эли жаңы демократиялык өнүгүү багытын тандап алган. Республиканын эгемендикке ээ болушу коомдук-саясий системасынын кординалдуу реформаланышы менен шартталган. Конституцияны иштеп чыгуу жана кабыл алуу, мамлекеттик атрибуттарды аныктоо, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарын, жарандык коомду түзүү милдеттери турган. Саясий институттарды түзүүдө парламентаризм, президент, плюрализм, демократия, жарандык коом, партиялар, базар экономикасы жана башка жаңы түшүнүктөр турмушубузга кирип, алар практика жүзүндө колдонула баштаган.

Тилекке каршы, жаны коомдук-саясий турмушка өтүү, жаңылануу процесси татаал экономикалык, социалдык жана саясий кризистер менен коштолуп, иш жүзүндө оңой-олтоң болгон эмес.

Коомдук саясий турмуштагы өзгөрүү өлкөдө коррупциянын, экономикалык кризистин, жакырчылыктын, жумушсуздуктун күчөшүн пайда кылып, бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун жоктугу, шайлоолордун мыйзамсыз өтүшү саясий кризиске, натыйжада 2005 – жылдагы бийликтин алмашышына алып келген.

Тарых бул – өткөндүн жакшысынан үлгү, каталардан сабак ала турган улуу мектеп. Бул маселелерди талдоо, андан сабак алуунун жолдорун изилдөө, мамлекеттин коомдук-саясий жана социалдык жашоосун жакшыртуу үчүн өткөндөгү окуяларды талдоо зарылчылыгы теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005-жылдар аралыгындагы коомдук саясий турмушунун өнүгүүсүн жана демократиялык коомдун калыптануусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди изилдөө актуалдуу маселе катары окумуштуулардын жана кийинки муундардын милдети катары улана берет. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын коомдук саясий турмушунун көйгөйлүү маселелерине арналган илимий эмгектерди тарых илиминин ыкмалары менен тарыхый көз караште комплекстүү изилдөө да актуалдуу маселе.

1991-жылдан 2005-жылга чейинки Кыргызстандын саясий өнүгүү тарыхы өлкөнүн эгемендик доорунун тарыхында көз карандысыз өз алдынча мамлекет катары калыптануунун өткөөл мезгили болуп саналат. Өлкөнүн өткөөл мезгилдеги коомдук-саясий өнүгүүсү, жетишкендиктери менен бирге мамлекеттин көз карандысыздыгына коркунуч келтирген олуттуу катачылыктар менен коштолгон. Диссертация 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсүнө комплекстүү тарыхый анализ жүргүзүү менен аталган мезгилдин өлкөнүн эгемендиктин алгачкы мезгилиндеги өнүгүү тарыхын изилдөөгө арналды.

Мамлекеттик көз карандысыздык бул улут катары өзүн сактоо, бүтүндөй элдин кайталангыс мүнөзүн жана сапатын жоготпоо, ошону менен дүйнөлүк маданияттын жалпы мурасын өзүнүн салымы менен көбөйтүү мүмкүнчүлүгү. Жаңыдан көз карандысыздыкка ээ болгон мамлекеттерде өлкө башкаруучулары менен эл өздөрү жаңылануу жолун туура тандабаса, өлкөнүн, мамлекеттин келечеги туңгуюка капталып, ал тургай жок болуу коркунучунун дагы жаратаары Кыргызстандын биз изилдеп жаткан мезгилдеги тарыхы көрсөттү. Кыргызстандын 1991-2005-жылдардагы өткөөл мезгилди терең талдоо келечекти божомолдоого жардам берет. Жыйынтыктап айтканда 1991 – 2005-жж. аралыгында Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшүн изилдөө Кыргызстандын бүгүнкү, келечектеги коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсүндөгү проблемаларга олуттуу кароо менен туура багытты тандоосуна өбөлгө болоору биз изилдеген теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005- жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү.

**Изилдөөнүн предмети:** Эгемен Кыргызстандын 1991 – 2005 - жылдардагы саясий тутуму, мамлекеттик башкаруу органдары, саясий реформалар, демократиялык институттар, коомдук – саясий турмуштун өнүгүшүн мүнөздөгөн мыйзамдар , токтомдор жана башка материалдар.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн ***максаты*** 1991 – 2005 жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомду – саясий турмушунун өнүгүү динамикасынын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү менен тарыхый талдоо жүргүзүү. Изилдөөнүн максатына ылайык диссертациялык ишке төмөндөгүдөй ***милдеттер*** коюлду:

1 Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин аныктоо менен булактык базасын системалаштыруу.

2 Кыргызстандын 1991-жылдагы көз карандысыздыкка ээ болуудагы коомдук-саясий кырдаалга тарыхый талдоо жасоо;

3 Кыргызстандын эгемен мамлекет катары калыптануусунун, бийлик бутактарынын түзүлүшүн талдоо.

4 Коомдук турмушту демократизациялоо процесстерин, көп партиялуулук принциптеринин калыптанышын изилдөө.

5 Өлкөдө Президенттик күчтүү бийликти орнотуу тенденциясына талдоо жүргүзүү.

6 Кыргызстандагы 2005 – жылдагы март окуясынын келип чыгуу себептерин иликтөө менен объективдүү баа берүү.

7 Изилдөөнүн негизинде илимий жоболорду иштеп чыгуу менен практикалык сунуштарды даярдоо.

*Изилдөөнүн хронологиялык рамкасы.* Эгемен Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун калыптануу жана өнүгүү мезгилин 1991– 2005-жж. камтыйт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары.**

1 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алынды.

2 Кыргызстандын 1991-жылдагы көз карандысыздыкка ээ болуудагы коомдук-саясий кырдаалга тарыхый талдоо жасалды. Кыргызстандын саясий жана социалдык – экономикалык өнүүгүсүндө 1991 – жыл өткөөл мезгилдин башталганы менен мүнөздөлөт. Демократиялык өнүгүү жолун тандоо менен антидемократиялык тенденцияларга каршы туруу процесстери башталаган. 1993-жылы кабыл алынган КР Конституциясы Президенттик, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин өлкөнүү башкаруудагы ордун аныктоо менен көз карандысыз Кыргыз Республикасынын калыптануусу юридикалык негизде аяктаган.

3 Саясий жана социалдык-экономикалык системаларды түп-тамырынан бери өзгөртүү контекстинде коомду демократиялаштыруу, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун эски органдарын трансформациялоо жана жаңы органдарын түзүү процесси изилденди. Кыргызстандын саясий системасын кайра түзүү маселелери каралды.

4 Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун тарыхый жана саясий аспектиде изилдөөнүн негизиде демократияны орнотуу механизмдери, трансформация татаал жана убакытты талап кылган процесс экендиги аныкталды.

5 Өлкөдө көп партиялуулук принциби сакталганы менен, саясий партиялардын өлкөнүн коомдук – саясий, социалдык – экономикалык өнүүгүсүнө таасири дээрлик жок экендиги жана негизинен саясий партиялар парламенттик шайлоолордун алдында пайда болгондугу далилденди.

6 2005 – жылдагы март окуяларына объективдүү баа берилип, 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын практикалык мааниси.** Диссертация Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүшү жөнүндөгү билимдин

кеңейишин камсыз кылат жана анын көйгөйлөрүн андан ары терең изилдөөгө колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот. Диссертациянын мазмуну курстук жана дипломдук иштерди даярдоодо, гуманитардык багыттагы адистиктер үчүн окуу курстарын окууда колдонушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюулучу негизги жоболор:**

1 Эгемен Кыргыз мамлекети түзүлүп, кыргыз коомунда жаңы саясий система калыптанды.

2 Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстандын жарандары демократияга өтүү үчүн багытталган радикалдуу реформаларга даяр эместигин көрсөттү.

3 Башкаруу формасы өзгөрдү. Коомдук кыймылдар жана партиялар түзүлдү.

4 Дин эркиндиги, сөз эркиндиги орноду. Кыргызстандын тарыхындагы 1991 – 2005 – жылдар өлкөнүн демократиялык өнүгүүсүндө фундаменти түптөгөн.

5 Өлкөнүн саясий, экономикалык реформаларды жүргүзүүдө чет өлкөлүк өзгөчө Батыш өлкөлөрдүн тажрыйбасы эске алынды. Кыргызстан эгемедиктин алгачкы жылдарында “демократия аралчасы” деген статуска ээ болгон.

6 Ошол эле мезгилде планга негизделген экономика мамлекеттик менчиктен жеке менчикке, рынок экономикасына өткөрүү өзүнүн натыйжасын берип, өлкөдө экономикалык стабилдүүлүк пайда болуп, бирок бул процесстеги кетирилген кемчиликтер көп учурда күтүлгөн натыйжа берген жок.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Илимий иштин структурасы анын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет.

**Төрага:** изденүүчүгө суроолорудар барбы? Профессор Каана Айдаокуловнага берилет.

**Айдаркул К.:** 1991 – 2005 жылдардын саясий чөйрөөсүнүн өнүгүүсү боюнча көп эмгектер жазылган. Сиз кандай жаңылык киргиздиңиз?

**Изденүүчү:** 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алынды. Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун тарыхый жана саясий аспектиде изилдөөнүн негизиде демократияны орнотуу механизмдери, трансформация татаал жана убакытты талап кылган процесс экендиги аныкталды. Өлкөдө көп партиялуулук принциби сакталганы менен, саясий партиялардын өлкөнүн коомдук – саясий, социалдык – экономикалык өнүүгүсүнө таасири дээрлик жок экендиги жана негизинен саясий партиялар парламенттик шайлоолордун алдында пайда болгондугу далилденди. 2005 – жылдагы март окуяларына объективдүү баа берилип, 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык

революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылды**.**

**Төрага :** Сөз Асыл Бактыбековнага берилет.

**Болпонова А. Б.:** Сиздин тема Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүүсү деп атала. Коом менен мамлекеттин айрымасын айтсаңыз**.**

**Изденүүчү:** Коом алгачкы мезгилдерде адамдар жапайы жаратылыштан коргонуу үчүн чогула баштаганда пайда болгон. Мамлекеттер адам баласынын өнүгүүсүнүн кийинки этаптарында, отурукташуу пайда болгондон кийин, аймакты элге бекитүүдөн кийин калыптанган. Коом-бул адамдардын эң алгачкы бирикмеси башкача айтканда мамлекет пайда болгуча эле түзүлгөн. Коомдогу бардык чечимдер катышуучулардын макулдугу менен кабыл алынат, эч кандай мажбурлоо чаралары каралган эмес. Мамлекетте башкаруу императивдик ыкмалар менен жүзөгө ашырылат, эрежелерди сактабагандыгы үчүн жоопкерчилик каралган, бийлик бир адамдын же адамдардын тобунун колунда болушу мүмкүн. Коом формалдуу лидерге ээ болушу мүмкүн же сызыктуу түзүм болушу мүмкүн, мамлекет дайыма иерархияга жана жактоочулардын тобуна ээ болгон коомдук бийликке ээ. Жеке адам бир эле учурда бир же бир нече коомго таандык болушу мүмкүн, эгерде жабык коомдор (армия, полиция, жашыруун клуб) жөнүндө сөз болбосо, алардын ортосунда эркин жүрө алат. Бир нече мамлекеттерге бир жолку мүчө болуу кыйын жана мыйзамда белгиленген учурларда гана жол берилет. Коомду түзүү үчүн эки инсан жетиштүү, ал эми эң кичинекей мамлекетте дагы жарандардын саны кеминде бир нече жүз. Коомдор бири-бирин кайталашы мүмкүн, ал эми мамлекеттер ар дайым уникалдуу болот. Мамлекет менен коомдун негизги айырмасы-мамлекеттин негизги Мыйзамда белгиленген расмий аталышы бар.

**Төрага:** Дагы кимде суроо бар? Сөз Омурова Ж. О. берилет

**Омурова Ж. О.** тарнсформация процесси жөнүндө жазыптырсыз. Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын коомдук чөйрөлөрүндө трансформация процесси жүрүп жатабы?

**Изденүүчү:** Коомдук абалдын структуралык өзгөрүү процесси тарнсформация. Коомду уюштуруунун сапаттык жаңы абалына өтүүнү билдирет. Диалектиканын мыйзамдары боюнча карама – каршылыктардын болушу дүйнөнү табигый жол менен өнүктүрөт. Башкача айтканда карама – каршылык болмоюнча өнүгүү болбойт. Сандык өзгөрүүлөр сапаттык өзгөрүүлөргө алып келет. Тануунуну тануу мыйзамы өнүгүүнүн багытын, тенденциясын көрсөтөт. “Тануу” категориясы төмөнкү учурларды өз ичине камтыйт:

1) өнүгүп жаткан системаны жокко чыгаруу, талкалоо;

2) танылып жаткан системанын кээ бир элементтерин сактап калуу;

3) сактап калган мазмунду өзгөртүү жана анын негизинде жаңы сапаттын пайда болушу.

Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшүндө тануунун тиби болгон трансформация процесси жүрүүдө. Кыргызстан азыркы кезде өзүнүн саясий системасы аркылуу демократияны куруу жолдорун түптөп жатат.

**Төрага:** Сөз Айнура Атыгаевнага берилет

**Арзыматова А. А.:** Парламенттик республика менен Президенттик республиканы айрымасы эмнеде?

**Изденүүчү:** Парламенттик республикада парламент жана премьер-министр, мыйзам чыгаруучу органдын башчысы, өлкөнү башкарууда негизги ролду ойнойт. Башкаруунун бул формасы боюнча президентке бир катар ыйгарым укуктар берилген, бирок ал парламент тарабынан бекитилгенден кийин гана саясий маанилүү иш-аракеттерди жасай алат. Өкмөт парламенттик жол менен, башкача айтканда, мыйзам чыгаруу органында көпчүлүк добуш алган партиялардын лидерлеринин ичинен түзүлөт. Ал эми Президенттик республикада башкаруунун бардык рычагдары президенттин колунда топтолот. Ошол эле учурда, мамлекет башчысы өкмөттүн башчысы да болушу мүмкүн, башкача айтканда, өлкөдөгү аткаруу бийлиги үчүн дагы, мыйзам чыгаруу бийлиги үчүн дагы жооптуу болот.

**Төрага**: сөз Жаныбек Жакыпбековичке берилет.

**Жакыпбеков Ж.:** Анаркуль Жумадиловна диалектика деген эмне экенин түшүндүрсөңүз? Диссертацияны жазууда кайсыл методдорду колдондуңуз?

**Изденүүчү:** Диалектиканы талашып-тартышуу жана өз ойлорун жеткирүү өнөрү деп мүнөздөсө болот. Диалектиканын 3 негизги мыйзамы бар, аларга төмөнкүлөр кирет: Карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү. Санды сапатка айландыруу. Четке кагуу. Философия тарыхында негизги ойчулдар диалектиканы төмөнкүчө аныкташкан: Жетектөөчү суроолорду берүү жана аларга методикалык жооп берүү аркылуу чындыкты түшүнүү катары түшүнүлгөн диалог искусствосу (Сократ); Тарыхтын өнүгүшүнүн ички кыймылдаткычы катары карама-каршылыктарды билүүнүн жалпы ыкмасы (Гегель)

Кыргыз республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүүсүн изилдөөдө төмөндөгү методдор колдонулду: актуалдаштыруу, эмприкалык, тарыхый метод, тарыхый генетикалык метод, синхрондук анализ методу, тарыхый-системалык метод, салыштырмалуу (компративисттик) методу бихевиористик (жүрүм – турум) методу, биографиялык метод.

**Төрага:** Суроонуздар жок болсо, сөз эксперттерге берилет. Эсенкулов Нурмамат Жокеновичте сөз.

**Эсенкулов Н. Ж.:** Эгемен Кыргыз республикасынын тарыхында 1991 -2005 жылдар олутту мезгил болгон. Кыргыздар жалгыз гана саясий жашоосундагы өзгөрүүлөрдү эмес социалдык-экономикалык, маданий турмушунда трансформация процесси болгон. Республиканын эгемендикке ээ болушу коомдук-саясий, экономикалык системасынын кординалдуу реформаланышы менен шартталган.

Коррупциянын, экономикалык кризистин, жакырчылыктын, жумушсуздуктун күчөшү, бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун жоктугу саясий кризиске, натыйжада 2005 – жылдагы бийликтин алмашышышына алып келген. Бул маселелерди талдоо, андан сабак алуунун жолдорун изилдөө, мамлекеттин коомдук-саясий жана социалдык жашоосун жакшыртуу үчүн өткөндөгү окуяларды талдоо зарылчылыгы теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Сунуш: 2 – БАП. Мамлекетти түзүп, анан ошол саясий системанын калыптанышын кароо керек эле.

Эскертүүлөр:

1) Диссертациянын структурасына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.
2) Тарыхнаама бөлүмүн иштеп чыгуу керек.
3) Саясий париялардын уставдарына кеңири токтолуу керек.

Берилген документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинова атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз эксперт Ормушев Асан Сулаймановичке берилет.

**Ормушев А. С.:** 1991 – 2005 жылдар аралыгында Кыргызстандын коомдук саясий жашоосунун өнүгүүсүнүн этаптарын, жетишкендиктерин жана кетирлген каталарын изилдөө азыркы күндүн талабы. Белгилүү бир конституциялык моделдин натыйжалуулугун, анын демократиялык коомдун калыптанышына жана жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди изилдөө диссертациялык теманы актуалдаштырган. Бул тема боюнча илимий иштер жазылгыны менен жетиштүү көлөмдө изилденген эмес.

Эскертүүлөр: Киришүү: 9 беттен турат. Эреже боюнча кандидаттык диссертациянын киришүүсү 4 беттен 6 бетке чейин уруксат берилет. Актуалдуулугун кыскартып негизги ойду берүү зарыл.

Сунуштар. Изилдөөнүн меттодору менен булактык базасын өзүнчө глава кылып бөлүү зарыл. Адабияттардын тизмеси шилтемелер менен дал келтириш керек. Конституцияга арналагн реформалар менен экономиканы кошуп койсо болот.

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасы КР окумуштуу даражасын берүү боюнча Жобосунун талаптарына жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө болуп саналат

Документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз Джуманалиев Акылбек Джуманалиевичке берилет.

**Джуманалиев А.:** Өткөн кылымдын 90-жылдарнын башындагы өлкөдөгү коомдук-саясий процесстер Кыргызстандын көз карандысыз өз алдынча эгемен өлкө болуп калыптанышына алып келген. Кыргызстандын эгемен мезгилдеги 1991-2005-жылдар аралыгында өнүгүү этабына коонмдук саясий өнүгүүлөрдүн өнүгүүсүнө тарыхый анализ берүү менен, объективдүү тарыхый баа берүү тарых илиминдеги актуалдуу проблемалардын бири болуп санат. Эгемендикти алган Кыргызстандын саясий системасын коомдук-саясий турмушунун калыптанып, өнүгүү этаптары тарыхый булактардын негизинде демократиялаштырууга багытталган трансформациялоо процессине анализ берүү менен тарыхый окуяларды хронологиялык ыраттулукта объективдүү изилдөө мезгилдин талабы.

Эскертүүлөр

- Диссертациялык иштин I бапындагы тарыхнаамалык эмгектерди квалификацияларга бөлүү зарыл.
- Корутундуда изилдөөнүн кээ бир натыйжалары толук кирбей калаган.

Сунуштар

- Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жоюуп, УАК талаптарына ылайык келтириш керек.
- Ыкма, усул деген сөздөрдү метод деп жазып койсо түшүнүктүү болмок

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча суроонуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин жана КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.07.23.671 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик корутундусу бекитилсин.

**2.** Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазган "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча коргоого кабыл алынсын.

**3. Бекитилсин:**

*Жетектөөчү мекеме* катары И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин Гуманитардык жана коомдук илимдер кафедрасы сунушталат.

*Биринчи расмий оппонентике* – Эсенкулов Н. Ж. – тарых илимдеринин доктору.

*Экинчи расмий оппонентике* – Омурова Ж. К. – тарых илимдеринин кандидаты, И. Арабаева атындагы КМУнун жалпы тарых кафедрасынын доценти.

Диссертациялык кеңештин төрагасы т.и.д., профессор — Осмонов Ө. Ж.

Окумуштуу катчы, тарых илимдеринин доктору — Карыева А. К.